| | | |
|---|---|---|
| | **С.МАМБЕТКАЛИЕВ ат-гы ЧҮЙ УНИВЕРСИТЕТИ** | |
| | **Сапатты башкаруу системасы** | |
| | **СБС НП ________________** | **Версия __1____** |

ЧУнун ОКнын отурумунда
каралды
токтом №__2____
«30» ____10_____ 20 24 ж.

«Бекитемин»
ЧУнун ректору
______________ Мамбеткалиева Ч.С.
«___» ____________ 20___ж.

**С. Мамбеткалиев атындагы Чүй университетинде**
**мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча**
**ЖОБО**

**Бишкек 2024**

## Киришүү

Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, «Мамлекеттик тил жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасында 2021–2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү Программасынын талаптарына ылайык С. Мамбеткалиев атындагы Чүй университетинде мамлекеттик тилди өнүктүрүү, колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү жана окутуу сапатын жогорулатуу максатында иштелип чыкты. Жобо университеттин бардык түзүмдүк бөлүмдөрү, профессордук-окутуучулар курамы, кызматкерлери жана студенттери үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо С. Мамбеткалиев атындагы Чүй университетинде мамлекеттик тилди өнүктүрүү, аны бардык чөйрөдө колдонууну камсыз кылуу, окутуу процессинде мамлекеттик тилдин ролун жогорулатуу жана тил саясатын ишке ашыруунун негизги принциптерин, максаттарын, милдеттерин, иш-аракеттеринин багыттарын, башкаруу жана жоопкерчилик механизмдерин, ошондой эле каржылоо булактарын аныктайт.

1.2. Жобо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик укуктук актыларына, университеттин Уставына жана башка ички ченемдик документтерине ылайык иштелип чыккан.

1.3. Университетте мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш-чаралар үзгүлтүксүз жана системалуу түрдө жүргүзүлөт.

## 2. Максаттар жана милдеттер

2.1. **Максаттар:**

2.1.1. Университетте мамлекеттик тилдин статусун бекемдөө жана анын толук кандуу колдонулушуна жетишүү.

2.1.2. Бардык багыттар боюнча жогорку квалификациялуу, мамлекеттик тилди эркин билген адистерди даярдоо.

2.1.3. Университеттин илимий, билим берүү, маданий жана коомдук турмушунда мамлекеттик тилдин кадыр-баркын жогорулатуу.

2.1.4. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча инновациялык ыкмаларды жана технологияларды киргизүү.

2.2. **Милдеттер:**

2.2.1. Окутуу процессинде мамлекеттик тилдин колдонулушун кеңейтүү жана сапатын арттыруу. Бардык Программаларда мамлекеттик тилде окутулуучу дисциплиналардын санын көбөйтүү, жаңы окуу пландарын жана программаларын иштеп чыгуу.

2.2.2. Студенттердин мамлекеттик тил боюнча билим деңгээлин үзгүлтүксүз жогорулатуу, алардын кесиптик ишмердүүлүгүндө мамлекеттик тилди эркин колдонуу көндүмдөрүн калыптандыруу. Мамлекеттик тилди тереңдетип окутуу боюнча кошумча курстарды жана ийримдерди уюштуруу.

2.2.3. Профессордук-окутуучулар курамынын мамлекеттик тилди билүү деңгээлин жогорулатуу, алардын мамлекеттик тилде сабак өтүү, илимий иштерди жазуу жана башка кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүү жөндөмдөрүн өркүндөтүү. Бул максатта үзгүлтүксүз семинарлар, тренингдер, квалификацияны жогорулатуу курстары уюштурулат.

2.2.4. Мамлекеттик тилде сапаттуу окуу-усулдук материалдарды (окуу китептери, колдонмолор, электрондук ресурстар, лекциялардын тексттери ж.б.) даярдоо, басып чыгаруу жана окуу процессинде кеңири колдонуу. Окутуучуларды окуу-усулдук материалдарды мамлекеттик тилде даярдоого стимулдаштыруу.

2.2.5. Университетте мамлекеттик тилде илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө шарттарды түзүү жана колдоо көрсөтүү. Илимий конференцияларды, семинарларды, тегерек столдорду мамлекеттик тилде өткөрүү. Студенттердин жана жаш окумуштуулардын мамлекеттик тилде жазылган илимий макалаларын жарыялоого көмөктөшүү.

2.2.6. Мамлекеттик тилди жайылтуу жана анын маданиятын өнүктүрүү боюнча ар кандай маданий-массалык иш-чараларды (конкурстар, олимпиадалар, фестивалдар, адабий кечелер, көргөзмөлөр ж.б.) уюштуруу жана өткөрүү. Студенттердин жана окутуучулардын мамлекеттик тилге болгон кызыгуусун арттыруу.

2.2.7. Университеттин расмий иш кагаздарын жана документ жүгүртүүсүн мамлекеттик тилде жүргүзүүнү камсыз кылуу. Бардык буйруктар, тескемелер, кат алышуулар жана башка расмий документтер мамлекеттик тилде даярдалат.

2.2.8. Университеттин веб-сайтындагы жана башка маалыматтык ресурстарындагы маалыматтардын мамлекеттик тилде жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу. Маалыматтарды өз убагында мамлекеттик тилге которуу жана жаңыртып туруу.

2.2.9. Тил саясаты жаатындагы мамлекеттик органдар, башка жогорку окуу жайлары жана коомдук уюмдар менен мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча кызматташууну кеңейтүү.

## 3. Иш-аракеттердин багыттары

3.1. **Окутуу программаларын мамлекеттик тилде жүргүзүү жана өнүктүрүү:**

3.1.1. Университеттин бардык багыттары боюнча окуу пландарында мамлекеттик тилде окутулуучу дисциплиналардын көлөмүн жана санын көбөйтүү боюнча иштерди пландуу түрдө жүргүзүү.

3.1.2. Мамлекеттик тилде толук кандуу окутууга өтүү мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө жана этап-этабы менен ишке ашыруу.

3.1.3. Мамлекеттик тилде окутууну жүргүзүү үчүн зарыл болгон окуу-усулдук базаны (китептер, колдонмолор, лабораториялык жабдуулар ж.б.) түзүү жана өркүндөтүү.

3.1.4. Мамлекеттик тилде окутуунун сапатын контролдоо жана баалоо механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

3.1.5. Чет элдик студенттер үчүн мамлекеттик тилди үйрөтүү боюнча атайын программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

3.2. **Мамлекеттик тилде окуу куралдарын жана усулдук материалдарды түзүү:**

3.2.1. Кафедралар жана окутуучулар тарабынан мамлекеттик тилде сапаттуу окуу китептерин, окуу-усулдук колдонмолорду, практикумдарды, лекциялардын конспекттерин жана башка материалдарды даярдоону уюштуруу жана координациялоо.

3.2.2. Даярдалган окуу-усулдук материалдарга рецензия жүргүзүү жана аларды басып чыгарууну колдоо.

3.2.3. Окутуучуларды мамлекеттик тилде электрондук окуу ресурстарын (интерактивдүү тапшырмалар, тесттер, видеолекциялар ж.б.) түзүүгө жана колдонууга стимулдаштыруу.

3.2.4. Мамлекеттик тил боюнча окуу-усулдук кабинетти уюштуруу жана анын ишин камсыз кылуу.

3.3. **Мамлекеттик тилде илимий жана маданий иш-чараларды өткөрүү:**

3.3.1. Университеттин деңгээлинде жана Программаларда мамлекеттик тилге арналган илимий конференцияларды, симпозиумдарды, семинарларды, тегерек столдорду үзгүлтүксүз өткөрүү.

3.3.2. Студенттердин жана жаш окумуштуулардын мамлекеттик тилде жазылган илимий иштерин колдоо жана жарыялоого көмөктөшүү.

3.3.3. Мамлекеттик тилди даңазалаган маданий иш-чараларды (фестивалдар, конкурстар, поэзия кечелери, театрлаштырылган көрсөтүүлөр ж.б.) уюштуруу жана өткөрүү.

3.3.4. Белгилүү тилчилерди, жазуучуларды жана маданият ишмерлерин университеттин иш-чараларына катышууга чакыруу.

3.4. **Окутуучулардын мамлекеттик тилде сабак өтүү жөндөмдөрүн жогорулатуу боюнча семинарлар жана тренингдерди уюштуруу:**

3.4.1. Университеттин профессордук-окутуучулар курамы үчүн мамлекеттик тилди өркүндөтүү боюнча үзгүлтүксүз курстарды, семинарларды жана тренингдерди уюштуруу.

3.4.2. Мамлекеттик тилде сабак өтүүнүн заманбап методикаларын жана технологияларын үйрөтүү боюнча атайын программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

3.4.3. Окутуучулардын өз ара тажрыйба алмашуусу үчүн платформа түзүү (мастер-класстар, ачык сабактар ж.б.).

3.4.4. Мамлекеттик тилди мыкты билген жана сабак өтүүдө ийгиликке жетишкен окутуучуларды материалдык жана моралдык жактан стимулдаштыруу.

3.5. **Студенттер арасында мамлекеттик тилди жайылтуу боюнча конкурстар, олимпиадалар жана башка иш-чараларды өткөрүү:**

3.5.1. Студенттердин мамлекеттик тилге болгон кызыгуусун арттыруу жана алардын билим деңгээлин текшерүү максатында мамлекеттик тил боюнча ар кандай конкурстарды (эссе жазуу, дил баян, көркөм окуу ж.б.), олимпиадаларды, викториналарды уюштуруу.

3.5.2. Мамлекеттик тилди мыкты билген студенттерди аныктоо жана аларды сыйлоо.

3.5.3. Студенттик дебаттарды, интеллектуалдык оюндарды мамлекеттик тилде өткөрүү.

3.5.4. Студенттердин мамлекеттик тилде чыгармачылык менен алектенүүсү үчүн шарттарды түзүү (адабий ийримдер, театр студиялары ж.б.).

## 4. Башкаруу жана жоопкерчилик

4.1. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иштерди С. Мамбеткалиев атындагы Чүй университетинин мамлекеттик тил боюнча проректору же ректордун тиешелүү буйругу менен дайындалган атайын бөлүм (мамлекеттик тилди өнүктүрүү борбору, бөлүмү же сектору) жетектейт жана координациялайт. Бул бөлүм төмөнкү функцияларды аткарат:

4.1.1. Университетте мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландарды жана программаларды иштеп чыгуу жана алардын ишке ашырылышын көзөмөлдөө.

4.1.2. Программамалардын жана башка түзүмдүк бөлүмдөрдүн мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш пландарын макулдашуу жана алардын аткарылышына усулдук жардам көрсөтүү.

4.1.3. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча өткөрүлүүчү иш-чараларды уюштуруу жана координациялоо.

4.1.4. Мамлекеттик тил боюнча окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу иштерин уюштуруу.

4.1.5. Мамлекеттик тилде окуу-усулдук материалдарды даярдоо жана басып чыгаруу иштерин координациялоо.

4.1.6. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иштердин жыйынтыгын талдоо жана отчеттуулукту камсыз кылуу.

4.1.7. Тил саясаты боюнча мамлекеттик органдар жана башка уюмдар менен байланыш түзүү жана кызматташуу.

4.2. Ар бир Программанын башчысы мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча жылдык иш пландарды өз алдынча түзөт жана алардын аткарылышы үчүн жеке жоопкерчиликте болот.

Программанын иш планында төмөнкүлөр камтылышы керек:

4.2.1. Программада мамлекеттик тилде окутулуучу дисциплиналардын тизмеси жана сааттары.

4.2.2. Мамлекеттик тилде даярдалуучу жана басып чыгарылуучу окуу-усулдук материалдардын планы.

4.2.3. Программанын окутуучуларынын жана студенттеринин мамлекеттик тилди өркүндөтүү боюнча пландалган иш-чаралар (семинарлар, тренингдер, конкурстар ж.б.).

4.2.4. Программанын расмий иш кагаздарын жана документ жүгүртүүсүн мамлекеттик тилде жүргүзүү боюнча чаралар.

4.3. Программа башчылары өз Программасында мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү, окутуучулардын мамлекеттик тилде сабак өтүүсүн камсыз кылуу жана окуу-усулдук материалдардын мамлекеттик тилде даярдалышын көзөмөлдөө үчүн жоопкерчиликте болушат.

4.4. Университеттин бардык кызматкерлери жана студенттери мамлекеттик тилди урматтоого, аны колдонууга жана өнүктүрүүгө салым кошууга милдеттүү.

4.5. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иштердин жыйынтыгы жыл сайын окуу жылынын аягында университеттин ректоратынын жыйынында талданып, тиешелүү чечимдер кабыл алынат. Жыйынтыктар боюнча отчет даярдалып, жогорку турган органдарга берилет.

## 5. Каржылоо

5.1. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча бардык иш-чаралар (семинарларды, тренингдерди, конкурстарды өткөрүү, окуу-усулдук материалдарды басып чыгаруу, сыйлыктарды берүү ж.б.) С. Мамбеткалиев атындагы Чүй университетинин бюджетинин тиешелүү беренелеринен жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка мыйзамдуу булактардан каржыланат.